DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-326-333
УДК: 94(575.2)

***Сейтмуратова А. Ж.**, окутуучу, аспирант*
*asalbubu@bk.ru*
*ORCID: 0000-0003-3337-2209*
*БатМУнун А. А. Машрабов ат. Сүлүктү*
*гуманитардык-экономикалык институту*
*Сүлүктү ш., Кыргызстан*

## XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ СҮЛҮКТҮДӨГҮ ӨНӨР ЖАЙДЫН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КЫЙМЫЛДЫН ЖҮРҮШҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

### (594 томдуу "Түркстан жыйнагынын" материалдарынын негизинде)

*Макалада XIX к. аягы - XX к. башында түштүк-батыш аймактагы көмүр өндүрүү, анын жүрүшү, тоо-кен шериктештигинин түзүлүшү, элибиздин коомдук абалы, жашоо-турмушу, XX кылымдын башында жүргөн социалдык, экономикалык чөйрөдөгү өзгөрүүлөр 594 томдук "Түркстан жыйнагынын" материалдарында чагылдырылган. Бул жыйнакта Түркстан генерал-губернатору Фон-Кауфмандын тапшырмасы аркылуу орус жана чет өлкөлүк өкүлдөрдүн, саякатчылар В. И. Межов, А. А. Семенов, Е. К. Бетгер, Н. В. Дмитриевскийдин ж. б. изилдөөчүлөрдүн макалалары жана билдирүүлөрү, фактылар, жергиликтүү гезиттердин материалдарынан алынган маалыматтардагы кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы орун алган. Аталган жыйнактагы материалдар ушул кезге чейин бардык эле изилдөөчүлөргө жетиштүү деңгээлде маалым болбогондуктан, жыйнактагы материалдардын негизинде калктын социалдык-экономикалык турмушундагы өзгөрүүлөрдү, өзгөчө, революциялык кырдаалдын түзүлүшү, жаңы түзүлүштүн Сүлүктүдө жана Кызыл-Кыяда орношу, соода-экономикалык жагдайларды изилдөө актуалдуу болуп саналат.*

***Түйүндүү сөздөр**: таш көмүр, Сүлүктү, асма челек, Половинка, толкундоолор, Ташкент, кенчи-жумушчулар Совети, капиталисттик атаандаштык, революциянын бешиги, темир жол.*

***Сейтмуратова А. Ж.**, преподаватель, аспирант*
*asalbubu@bk.ru*
*ОРCID: 0000-0003-3337-2209*
*Сулюктинский гуманитарно-экономический*
*институт им. А. А. Машрабова, БатГУ*
*г. Сулюкта, Кыргызстан*

## СОСТОЯНИЕ ГОРНОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И ПРОГРЕСС РЕВОЛЮЦИОННОГО ДВИЖЕНИЯ В СУЛЮКТЕ В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВЕКА

### (По материалам "Туркестанского собрания" в 594 томах)

*В статье рассматривается угледобыча в юго-западном регионе в конце XIX начале XX века, ее развитие, становление горнодобывающего кооператива, социальное положение нащего народа, образ жизни, основанный на добыче угля, изменения социально-экономической среды в начале XX века, которые отражены в материалах 594-томного "Туркестанского сборника". Поскольку материалы указанного сборника еще недостаточно известны всем исследователям, на основании материалов сборника можно судить об изменениях в социально-экономической жизни населения. Особенно актуально изучение формирования революционной ситуации, ее становления в Сулюкте, торгово-экономических условий. В этом сборнике представлены российские и зарубежные представители, путешественники В. И. Межов, Н. В. Дмитриевский, А. А. Семенов, Е. К. Бетгера и др. их статьи и высказывания*

*исследователей, факты, социально-экономическое положение кыргызов по данным, полученным по материалам местных газет. Ход политики русификации Туркестана, экономическая жизнь кыргызов, положение в промышленности. Описан процесс расселения через создание промышленности.*

***Ключевые слова:*** *уголь, Сулюкта, канатная дорога, Половинка, волнения, Ташкент, рабочие, Совет рабочих рудовиков, капиталистическая конкуренция, колыбель революции, железная дорога.*

***Seitmuratova A. Zh.,*** *BatSU teacher, graduate student*
*asalbubu@bk.ru*
*OPCID: 0000-0003-3337-2209*
*named after A. A. Mashrabov Sulukta*
*Humanitarian-Economic Institute*
*Sulukta city, Kyrgyzstan*

## THE STATE OF THE MINING INDUSTRY AND THE PROGRESS OF THE REBOLUTIONARY MOVEMENT IN SULUKTA AT TNE END OF XIX AND AT THE BEGINNING OF XX CENTURY
## (Based on the materials of tne (“594-volume Turkectan collection”)

*The article deals with the coal mining in the southwestern region at the end of the 19th and beginning of the 20th centuries, its development, the formation of a mining cooperative, the social situation of our people, a lifestyle based on coal mining. Changes in the socio-economic environment at the beginning of the 20th century are reflected in the materials of the 594-volume Turkestan Collection. Since the materials in this collection are not yet sufficiently known to all researchers, Based on the materials in the collection, one can judge changes in the socio-economic life of the population. Particularly relevant is the study of the formation of the revolutionary situation, its formation in Sulukta. trade and economic conditions. This collection presents Russian and foreign representatives, travelers Vladimir Izmailovich Mezhov, N.V. Dmitrievsky, Alexander Alexandrovich Semenov, Evgeniy Karlovich Betagera and other articles and statements by researchers, facts. The socio-economic situation of the Kyrgyz people according to data obtained form local newspapers. The course of the Russification policy of Turkestan, the economic life of the Kyrgyz, the situation in industry. The process of settlement through the creation of Industry is described.*

***Keywords:*** *Coal, Sulukta, hanging basket, Half, Tashkent, Khujent, wealth, workers, Council, capitalist competition, cradle of revolution, etc.*

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Кыргызстандын түштүгүндө Сүлүктүдө жашаган элдер кой, эчки, уй, жылкы багып, жашоо-тирилигин өткөрүшкөн. Ал эми күндөлүк турмуш-тиричиликте отун катары көмүрдү пайдаланып келишкен. Сүлүктү жана Кызыл-Кыя кендеринде таш көмүрдү казып алуу иштери жүргөн.

XX кылымдын башталышында кыргыздарда мал чарбачылыгы болуп, эт, тери, жүн өндүрүлүп, сырьё менен отундун өтө бай запастары болсо да, өндүрүүчү жана иштеп чыгаруучу өнөр жай дээрлик болбогон. Бир нече жупуну кустардык гана ишканалар болгон. Пахта тазалоочу, тери, ичеги иштетүүчү, ун салуучу, май чыгаруучу, спирт-арак чыгаруучу, пиво кайнатуучу ишканалар болгон [1, 3-б.]

Ал мезгилде Кыргызстандын аймагы толугу менен Россия падышачылыгынын курамында болгону баарыбызга белгилүү. Падыша өкмөтүнүн жүргүзгөн саясаты боюнча феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып, жогортон төмөн карай башкарып турган. Падышанын жеке бийлиги өркүндөп, ансыз да эки жикке бөлүнүп калган элдин турмушунда падышанын жеке бийлиги зор ролду ойноп, жер-жерлерде эмгекчилер тобун аябай катуу эзип иштетип, феодалдык жогорку катмарлардын, б. а., бай-манаптардын бийлиги сакталып калышы үчүн күрөшүп, алардын бийлигин сактоого аракет кылган. Себеби жергиликтүү бай-манаптардын бийлөөсү падышанын гана

пайдасына болгон. Кыргыз жерлеринен мал, эт, жүн, тери, пахта жана айыл чарбасында өндүрүлгөн башка продуктылар, чийки сырьё Орусияга тынымсыз ташылып алынып кетип турган. Бул жөнүндө “Түркстан жыйнактарында” К. Тимаев: “Түркстан крайы өзүнүн климаттык шарттары жана бай топурактуу жерлери, ошондой эле жаратылыштын баалуу белектери менен даңазаланат. Түркстанда пахта, жибек, сонун мөмө-жемиштер, вино ж. б. баалуу сырьёлор өндүрөт”, - деп маалымдаганын көрөбүз. Ал эми профессор И. В. Мушкетов изилдөөлөрүнөн кийин: “Түркстандагы байлыктар нефть, таш көмүр, жез, күмүш, свинец рудь, темир, туз ж. б кен байлыктары биздин өлкөнүн келечеги болуп эсептелинип, пахта, жибек ж. б сырьёлорду өз жеринде иштетип, аларды Россиянын ички дүң базарына жиберип туруугa милдеттүү. Ансыз да аларда завод, фабрикалар үчүн көмүр жетиштүү, ал эми калган буюмдар, азык-түлүктөр ал жерде арзан. Жезди эритип, күмүш алууга болот. Булардын баарын биз сатып алабыз. Ал эми Түркстандын жашоосунда болгондо, арзан таш көмүр өндүрүп чыгармакмын”, - дегенине күбө болдук [2, 99-б.].

1896-жылы Ташкенттен Драгомирово (Союз учурундагы Пролетарск) аркылуу өтүүчү кууш темир жолду куруу иштеринин аякташы көмүр өндүрүүнүн өсүшүнө чон түрткү болот . Мунун натыйжасында, Сүлүктүнүн айланасында көптөгөн кендерди ачуу мүмкүнчүлүгү жаралган. Биринчиден, кен казуу иштери менен алектенген жумушчулардын саны кескин түрдө өсүп, көпчүлүктүн аң-сезими жогорулаган. Экинчиден, Орусиянын борбору менен байланыш күчөгөн. Үчүнчүдөн, көмүргө суроо-талап күндөн-күнгө өсүп, көбөйгөн. 1901-жылы бул аймактагы Ак-Булак-Сайда эки көмүр кени ачылган. Көмүрдү казып алууда кендер Орусия падышачылыгына таандык болуп, Сүлүктү кенин Вербов жана Подуровскийлер башкарууга алган. 1906-жылы тоо-кен өндүрүшчүлөрү шериктештикти түзүшөт. Алар “К жана Вербов. Сүлүктү таш көмүр кендери” аттуу тоо-кен шериктештигин түзүп алып, көмүр ээлери жумушчулардан көмүрдү көп жана бат-баттан казып алуусуна катуу талап коюп, эзип иштетишкен. Катуу темпте көмүрдү өндүрүп, кыска убакыттын аралыгында Сүлүктүдөгү бардык көмүр казып алуучу шериктештиктер биригишип, 25 чакырымды түзө турган Драгомироводон Половинкага чейинки кууш темир жолду куруу иштерине киришкен. Жол курулуш иштеринде 200 киши иштеп, негизинен, бул жерде ошол аймактагы айылдын адамдары иштеген [3, 5-6-бб.].

Половинка деген жер, көптөгөн китептерди салыштыруу, сурамжылоолордун натыйжасында, азыркы Кольцонун бели, Булак-Башынын чыга бериши, кийинчерээк биринчи көмүр менен жүрүүчү поезддер жүргөн Союз мезгилинде поезддер ошол жерден сууну толтуруп алчу жер болгон, темир рельсалары 1970-80-жж. чейин сакталып турган. Ошол мезгилде көмүр Көккүнө-Сайдан (жергиликтүү элдин тилинде Танги) Тангинин (капчыгайга) башталышына чейин алып келишкен. Дагы бир изилдөөлөр боюнча алып караганда, бул мезгилге чейин же болбосо 1868-жылдан баштап Фавицкийдин башкаруу доорунда Көккүнө-Сайдан Коросон-Ата тангиси аркылуу Хожентке ташылып турган.

1905-жылы жаз мезгилинде Кыргызстандын кээ бир региондорунда, өзгөчө, Сүлүктү жана Кызыл-Кыя шахталарынын, дагы бир катар айрым жерлердин жумушчуларынын арасында толкундоолор башталган. Анда жумушчулар шахта ээлерине төмөндөгү талаптарды койгон:

1. Эмгек акыны жогорулатуу;
2. Сегиз сааттык жумуш күнү;
3. Штрафтарды жоюу;
4. Ченемден ашык иштерди кыскартуу;
5. Чогулуш эркиндигин берүү;
6. Кесиптик кошундарды түзүү эркиндиги тууралуу.

Мындай салгылаштар бир гана саясий мүнөздө болгон. Кыргыз элинин ичинде, бөтөнчө, жумушчу табынын ичинде революциячыл маанайдын түзүлүп калышына, кыймылдын андан-ары уланып кетишине бир гана мындагы "келгин адамдар" жардамчы болгон эместиги, андан сырткары, бул жакка революциялык баракчалар таркатылуу менен бирге саясий үгүт жүргүзүлгөндүгү маалым. Бул жердеги жумушчулар Орусияда болуп жаткан тарыхый окуялар жөнүндө билишип, өтө кедей дыйкандар жумушчу топтору менен биригип, падышанын жеке башкаруусунун мүчүлүштүктөрүнө, помещиктер менен капиталисттерге каршы күрөштөрүнөн кабардар болушкан.

Профессор И. В. Мушкетов: "Сүлүктү таш көмүр өндүрүү бассейнинде бул райондогу таш көмүр өндүрүүдө энергиялуу укмуштуудай атаандаштар өз укуктарын коргоого жетишти. Ал ишкерлер көмүр өндүрүүнү акциздик ишканага айландырышууда", - деп билдирген. Азыркы учурда таш көмүр өз ордунда бир пуду 5-7 тыйынга (копеек) туруп, көмүрдү жеткирүү (аттар, төөлөр менен ташылып келинет) ыкмасы пайдалуу эместигин, убарасы көп болуп, кымбатка турарына токтолуп келип, мындай жол менен ташууда (дековиллев жолу) вагонеткадан вагонеткага которуу, жердин өйдөдөн ылдыйга карай эңкейип келишинен улам, бул подъезддик жолдун структурасын өзгөртүү керектигин Драгомирово станциясына белги берип, башка жолдун курулушун шарттайт. Орто Азия менен Россияны байланыштырып турган, негизги жолу болгон Драгомирово станциясына чейинки алынып келүүчү жолдо (ал кезде дековиллев жолу деп аташкан), б. а., Түркстан өрөөндөрүндө бийик трубаларды орнотуп, заводдук түтүктөр, мюль-машиналар, станоктор курулса, ошондо гана Түркстан крайынын өндүргүч күчтөрү бүткүл кендикке бурулмак [2, 100-б.].

Ал эми М. Ибраев, А. Галкиндин китебинде 1906-жылдан кийин Ак-Булак-Сайдан Половинкага чейин деп берилет. Анткени Половинкага чейин көмүрдү көптөгөн кыйынчылыктар менен, ат, төөлөр, эшектер (көмүрдү куржунга салып) менен ташып келишкен. Иш берүүчүлөр андан ары темир жолду улантууну чечишкен эмес, анткени андан ары карай кеткен тоолор курчаган жолду курууга чыгымы көп болуп, каражат көп талап кылынат деп эсептешкен. Шахталарда иштеген жумушчулардын социалдык абалы өтө начар болуп, тамак-аш жетишсиз, суу тартыш, мончо жок болгондуктан, жумушчулар жетекчилерден суу сурашканда, аларга жетекчилер оройлук менен "Жуунгун келсе, Сыр-Дарыяга бар", - деп жооп беришкенин көрүүгө болот [3, 12-б.]. Мындан кенчи-жумушчуларга кен ээлери тарабынан шарт түзүлбөстөн, кайрадан аларды кемсинтип, басынтып иштеткенин көрө алабыз.

Ал эми Түркстан жыйнагынын "Изилдөөчүлөрдөн келген баяндоолор, маалыматтар боюнча Ходжасань дарыясынын жогору жагынан, Кожентке агып келген дарыяны бойлоп шаардан Кокине тоо деп аталган жерден маанилүү көмүр катмарлары табылып, анын үлгүсү ошол кезде эле ушул коомчулукка жеткирилген. Ходженттен Кокинеге чейинки аралык 50 же 60 верстаны (верста – орус тилинде өлчөө бирдиги болуп саналып, жол таягын билдирет, азыркы эсеп менен 1 верста = 1,06 км) түзөт [3,167-б.].

Столыпиндик реакция Кыргызстандын жумушчу табына жана эмгекчи дыйкандарына да таркатылган

1907-жылы 666 миң 824 пуд көмүр казып алынган. 1908-жылы Көкүнө-Сайдагы кенде 209 жумушчу, анын ичинде 109у кыргыздар, 100ү орустар, анын ичинде мастерлери 4 кишини түзүп, жарымынан көбү жергиликтүү калктын өкүлдөрү иштеген. 1910-жылы шахтерлордун саны 232 ни түзгөн.

Шериктештик кендер көмүрдү бир гана орус падышачылыгына эмес, анын вассалдык району болуп саналган Бухара жана Хива хандыктарына да көп пайда табуу

үчүн сатышкан. Бирок кенчи-жумушчулардын курсагы ач болуп, эртең кандай күн күтүп турарын билүүчү эмес. Көмүр кожоюндары кенге керектүү материалдарды алып коюп, үнөмдөп, зарыл учурда беришпей кыйнаган. Көмүрдү өндүрүү, казуу жана аны иштетүү технологиянын жетишпестигинен, катачылыктарынан улам мамылар кулап, жумушчулар каза болгондо, алардын үй-бүлөсүнө бир араба көмүр, бир пуд ун берүү менен гана эсептешишкен. Кенчинин наркы ушинтип гана бааланып, адамдарга кам көргөн эмес да, адамзат фактору көмүскөдө калган. Көмүр казып алуу процессин арзандатуу, ошону менен бирге эле капиталисттик атаандаштыктын артыкчылыгын камсыз кылуу максатында №2 шахтадан баштап Кольцого чейинки аралыктагы “Асма челек” (канатная дорога) жолун ишке түшүрүшкөн. Ал көмүрдү бир жерден экинчи жерге ташуу үчүн колдонулган. Анда өздөштүрүлгөндө, жүк подъеминин буу лебедкасы вертикалдуу баррель боюнча, көмүр от алдыруу үчүн порошок, шпурларды бургулоо үчүн кол бургу колдонулган.

Кара алтынды казып алууну көбөйтүү максатында жаңы 48 м терендиктеги “Кызыл-Сай” жана 90 м терендиктеги “Георгия” шахталары ачылган. 1914-жылы №2 шахтасы эксплуатацияга киргизилип, вагонго жүктөп, 9 км аралыктагы Кольцого чейин Асма челек менен алып барган. 1869-1917-жж. аралыгында 640 тоннанын айланасында көмүр өндүрүлгөн.

Революциялык демилгелер, кыймылдар, көтөрүлүштөр Россиянын борборунда жана анын айланасында өсүп жетилген. Ал эми Түркстандагы социал-демократтардын ишмердүүлүгү XIX к. аягына тиешелүү. 1902-жылы “ишенимсиз адамдарды” Түркстан аймагына сүргүн кылуу кеңири кулач жайып, алар менен катар саясий адабияттар дагы аймакка кирип келген. Ташкентте биринчи (”Вперед”) ”Алга” жана (“Начало”) “Башат” подполдук ийримдери пайда болуп, сүргүндөрдүн иш-аракеттери ушунчалык сезилерлик байкалып, жергиликтүү бийлик Түркстанга “көзөмөлдөгү адамдарды” сүргүн кылууну токтотуу жөнүндө падышанын алдына маселе коё баштаган. “Келечекте саясий жактан талаа аймактарына сүргүн кылууну токтотуу зарыл”, - деп жазган Сыр-Дарыя генерал-губернатору өзүнүн баяндамасынын биринде. Бул жерде полиция кызматкерлери аз санда болгондуктан, аларды сактап калуу кыйын. Муну менен кыргыздар арасында бийликке каршы идеяларды ээн-эркин өнүктүрүп, көчмөн чөйрөдө мамлекеттик түзүлүшүбүздүн кол тийбестигине ишенимди солгундата алган, көп сандаган сүргүндөрдүн изине түшүү менен бирге падышалык чиновниктердин кыргыздарда болгон тартиптин бузулбастыгына ишенимди солкулдата турган өкмөткө каршы идеялардын өнүгүшүнөн коркуу кокусунан эмес болчу.

Социал-демократтык уюмдардын ишмердиги Түркстан крайында жаны революциялык жогорулоонун жылдарында абдан күчөгөн. Ташкент шаары социал-демократиянын борбору кызматын аткарган. 1913-жылы социал-демократтардын (большевиктердин) Ташкенттеги тайпасында 40-50дөй киши болуп, ал большевиктер аскер бөлүктөрүнүн, жумушчулардын арасында ири иштерди алып барышып, крайдын башка шаарларынын социал-демократтык уюмдары менен тыгыз байланышта болгон. Ушул жылдын декабрь айында “Ташкенттик жумушчулар” (“Ташкентский рабочий”) газетасынын биринчи санын легалдуу эмес түрдө чыгарып, аны жумушчулардын калың катмарына таркатышып, натыйжада, жумушчулардан жана ремесленниктерден турган алгачкы ийримдер (кружок) негизделген.

Марксизм-ленинизм идеялары жана алдыңкы орус адабияты эмгекчилердин арасында гана эмес, саясий сүргүндөр, орус жумушчулары, демократиялык ыктыярдуу интеллигенция, сатуу үчүн көмүр ташып жүргөн кыргыз жумушчулары аркылуу кыргыз айылдарына да өтө баштады. Орто Азиянын, өзгөчө, Ташкенттин, Самарканддын жумушчу табынын саны да Орусиянын ишканалары үчүн саясий

жумшартуу алган квалификациялуу жумушчулар менен толукталганы айтылган. Жумушчу табынын негизги резерви болуп жергиликтүү калк эсептелген, кендерди казып алуу, жолдордун курулушу башталганда, алардын жанында кыргыз чатырлары пайда болгон. Кыргыз чатырларынын пайда болушу бул элдин отурукташуусуна алып келет. Жергиликтүү калктын ичинен Ормон Кулаев жумушчуларды уюштуруп, бир топ адам менен тоого барып, тоодон арчаларды кыйып алып келип, кендерди (жер астын) бекемдөөгө катышканы жазылган. Биринчи топурак жолду курууда Колдош Уметов, Саат Кадыров, Якуб Ибрагимов ж. б. көптөгөн жергиликтүү калктын өкүлдөрү активдүү иштегендиги тууралу маалыматтар тарых беттеринде жазылган.

1903-жылы революциялык идеяларды жайылтуу маанилүү деңгээлде күчөгөн. Россияда марксистик партия түзүлүп, РСДРПнын II съездинен кийин революциялык идеяларды жайылтуу абдан күчтөндүрүлгөн. Ошол учурдан баштап Ташкенттен Сүлүктүгө революциялык маанидеги баракчалар, газеталар жана брошюралар келе баштаган. 1917-жылдын март айында Кожент уездинде солдаттардын жана жумушчулардын Совети түзүлүп, анын өкүлдөрү Сүлүктүгө келишип, кенчилерди жалпы митингге чыгууга үндөгөн. Бул митингде кенчилер өздөрүнүн бийлик органын – Сүлүктү жумушчу депутаттарынын Советин шайлашкан. Бул Советтин курамына төмөнкү калктуу конуштар: Эски Сүлүктү, Половинка, Кольцо, ошондой эле Танги-Башы (көмүрдү топтоочу жер ошол кезде борбор деп аталып) аймактары кирген. Совет курамына З. Кадыров, И. Гизатуллин, Г. Яфаров, Д. Кадыров, С. Киросиров жана Д. Деканов шайланган. Анын төрагалыгына эски большевик Даниил Тихонович Декановду көрсөтүшүп, аны бир добуштан шайлап алышкан. 25-мартта Сүлүктү Советинен эки өкүл В. Талиев жана З. Кадыровдор Кожент уездик солдат жана жумушчулар Советинин курамына мүчөлүккө киришкен.

1910-жылдын май айында шахтерлор династиясынын өкүлү Даниил Тихонович Деканов Түркстан крайына Сүлүктүгө жөнөтүлгөн. Ал 1903-жылдан тарта РСДРПнын мүчөсү болгон. Сүлүктүгө келээри менен өзүнүн энергиясын революциялык маанайга багыттап, адамдарды төгөрөгүнө топтоп, аларды падышалык жеке башкарууга каршы үгүттөө иштерин жүргүзүп, жаны кармашууларга даярдаган. Драгомирово станциясынын жумушчуларынын арасында революциялык жумуштарды жүргүзүүдө башкы ролдо болгон. Ушул эле жылдын жай мезгилинде станциянын жумушчулары иш таштаганын жарыя кылышкан, муну кенчилер колдошкон. Бул иш таштоо эгерде жумушчулар биримдикте болушса, көптөгөн жакшы жакшылыктарга жетишерин көрсөттү. Иш таштоонун жыйынтыгы буга алып келди: кенчилерге мындан ары айлык акыдан кармалуусуз 10 сааттык 2 алмаштыруу кезеги, “самовар” деп аталган ысык чай, бул кээде суюк тамак же коюу тамак (аш), идиш менен суу жеткирип бериле турган болгон. Буга чейин кенде ар ким өз алдынча иштеп, норма жок болгон болсо, эми артелде 10-12 кишиден турган жумушчулар биригишкен. Кенчилер үчүн казармалар курула баштаган.

Д. Т. Декановдун Сүлүктү жумушчу депутаттар Советиндеги төрагалыгы доорунда РСДРПнын большевиктер тобу жана эмгекчилердин мезгилиндеги иш жүргүзүүсү төмөнкүлөрдү ишке ашырууга жетишкен:

1. Пролетардык кыймылдын биримдиги жана тазалыгы үчүн чечкиндүү күрөш жүргүзгөн;

2. Советтик өнөр жайдын үстүнөн жумушчу көзөмөл жүргүзө алган;

3. Кенчилерди жана алардын үй-бүлөсүн азык-түлүк менен камсыз кылынуусуна жетишкен;

4. Шахтерлорду жетекчилик тарабынан ичүүчү суу менен камсыздоо уюштурулган;

5. Демонстрацияларга жана иш таштоолорго чыгууга боло турган кырдаал түзүлгөн;

6. Сүлүктү жумушчу депутаттар Совети менен уезддик жана областтык жумушчу жана чайрыкер депутаттар Советинин ортосунда бекем байланышты орноткон.

"Сүлүктү – революциянын бешиги" деп аташкандай, Сүлүктүдөгү Совет бийлигинин орношу тууралуу буга чейин көптөгөн изилдөөлөр бар. Бирок маалыматтар окуу китептеринде ( мектеп, ООЖ жана ЖОЖдордо) тарых барактарында өтө аз. Ошол маалыматтарды толуктоо, көбөйтүү биздин милдетибиз деп эсептейбиз.

"Кыргызстанга жакын, ошол кезде Түркстандын байтакты саналган Ташкентте 1917-жылдын 31-октябрында (13-ноябрь) Совет бийлиги орногон. Кыргызстандын аймагында биринчи болуп Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда Совет бийлиги орногондугу көптөгөн окуу китептеринде жазылган. Ал китептердин ичинен Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) китебинде Совет бийлигинин биринчи орногондугу айтылып келип, бирок качан жана эмне үчүн экендиги жазылбай калганын көрөбүз. Айтор, эч бир жерден так датасы жазылганын көрө албадык. Окурманда 2 суроо туулат: биринчиси – кайсы күнү, экинчиси – эмне үчүн Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда? [3]. Тарыхчы, п. и. к. Гапыр Мадаминовдун баяндоосу боюнча, 11-ноябрда орногон деген маалымат берилет. Ал эми М. Ибраев, А. Р. Галкиндин маалыматтарына таянсак, 1917-жылы 1-ноябрда (14-ноябрь) Ташкентте Совет бийлиги орноду деп жарыяланганы, ушул эле күнү Ташкент Совети Жергиликтүү Советтерге: "Совет бардык бийликти колуна алды, силер дагы бийликти өз колуңарга алгыла" деген телеграммасын жөнөткөнү жазылган. Эгер ушул маалыматтарга таянсак, анда Октябрь революциясы башка региондорго салыштырмалуу Сүлүктүдө биринчи орногондугуна күбө болуу менен бирге, тарых барактарына 14-ноябрда деген датаны киргизүүнү сунуш кылар элек.

Бул регион республиканын гана эмес, коңшу мамлекеттердин дагы өнөр жайынын алдыга жылуусуна, өнүгүшүнө да түрткү болгонун тарыхтан билебиз.

Жыйынтыктап келгенде, шаардын өнүгүүсүн 4 мезгилге бөлүп кароого болот:

| | | |
|---|---|---|
| 1 | 1-мезгил: 1868-жылдан 1896-жж. аралыгында | Сүлүктүдө көмүр өндүрүүчү ишкана болгон эмес, анткени көмүрдү жөн гана колдо кара күч менен алып, аны жеке кишилер өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн Хожентгеги жибек өндүрүүчү фабрикага ташып турган. |
| 2 | 2-мезгил: 1896-жылдан 1917-жылга чейинки аралык | Бул өтө маанилүү этап, жогоруда айтылгандай, 1896-жылы Ташкенттен Драгомирово (Союз учурундагы Пролетарск) аркылуу өтүүчү кууш темир жолду куруу иштеринин аякташы көмүр өндүрүүнүн өсүшүнө жаңы өбөлгө берип, Сүлүктүнүн айланасында катар-катар шахталардын ачылышына алып келет. Жумушчулардын катары көбөйүп, массалык аң-сезим жогорулап, Орто Азиянын борбору, Россиянын борбору менен байланыш күндөн-күнгө жакшырган. Таш көмүргө болгон талап (керектөө) өскөн. Натыйжада, бул аймакта жаңы тап – жумушчулардын тобу түзүлүп, алар шаардын, мамлекеттин саясий жана коомдук турмушуна жигердүү катыша баштаган. |
| 3 | 3-мезгил: 1917-1991-жж. | Мында биз 1920-жылга чейинки мезгилди карадык, ал эми 1917-жылдын акыркы чейрегинен баштап шахталар мамлекеттик болуп эсептелип, жумушчулардын тамак-ашы жакшырып, суу менен камсыз болуп, жер астына түшкөндө жана чыкканда аларга сүт азыктары берилүү менен бирге, алардын ден соолугуна кам көрүлгөн, социалдык абалы күндөн- |

| | | |
|---|---|---|
| | | күнгө жакшырган. Ал эми кенчилер үчүн кабаттуу үйлөр курулуп, пайдаланууга берилген. |
| 4 | 4-мезгил: эгемендүү Кыргызстан мезгили | Бул этап биздин темабыздан алыс болгондуктан, кайрылууну туура көрбөдүк. |

Мекенибиз Сүлүктүдөн башталат, анткени Сүлүктү республиканын эң алыскы аймагы, ушул алыскы аймакта Совет бийлигинин биринчи орноп калышына көптөгөн өбөлгөлөр бар экенин тарых өзү айкындап турат. Аймакта калктын көп санда болушуна ошол өнөр жайдын пайда болушу, анын иштеши, маалыматтын тез арада таркашы, Советтин биринчи уюшулушу, Советтен биринчи депутаттардын Бүткүл Россиялык съездге делегат болуп барышы ж. б. көптөгөн факторлор түздөн-түз таасир эткен. Көп улуттуу элдердин келип ишканага жайгашып, жашап калышы отурукташууга алып келсе, ал эми алардын тили, маданияты, каада-салттары бири-бирине жуурулушуп отуруп шаар цивилизациясына алып келген.

Түштүк-батыш Кыргызстандын аймагында бир гана жумушчу депутаттарынын Совети эле түзүлүп калбастан, биринчи комсомолдук уюмдар, кесиптик кошундар, фабрикалар, биринчи кыргыз жумушчуларынын бирикмелери, биринчи мектептер, маданий агартуу жана медициналык мекемелер түзүлүп, биринчи кыргыз интеллигенциясынын уңгусу башталган [7].

Ал эми Драгомирово-Товарная кууш темир жолу – Совет бийлиги орногондон кийинки арбын иш-аракеттин үлкөнү болуп эсептелүү менен бирге, түштүк-батышта өндүрүлүп жаткан таш көмүр кенинин Түркстанга кызмат кылуусунун башталышы. 1928-жылы Товарная станциясына биринчи жолу буу менен жүрүүчү механикалык поезд (жергиликтүү элдин айтуусунда, кара поезд) келип, Кольцодон Товарнаяга чейинки кууш темир жол Октябрь революциясына чейинки асма челектин (Канатная дорога) жолу менен, б. а., анын маршруту менен курулган. Механикалык поезддер электрдик поезддер менен алмашылып отуруп, ошол темир жол каттамы эгемен Кыргызстандын алгачкы 10 жылдыгына чейин кызмат кылып келди.

**Адабияттар:**

1. Мужиков, И. П. 1905-1907-жылдардагы орустун биринчи революциясынын Кыргызстандагы революциячыл кыймылдын өнүгүшүнө көрсөткөн таасири [Текст] / И. П. Мужиков. - Фрунзе, 1955.
2. Тимаев, К. О каменном угле в Сулюкте // Туркестанский сборник. - Том 510.
3. Мадеминов, Г. Сүлүктү тарыхы [Текст] / Г. Мадеминов. - Бишкек, 2018. - 5-6-бб.
4. Ибраев, М. Сулюкта – город шахтеров [Текст] / М. Ибраев, А. Галкин. - Фрунзе: Кыргызстан, 1975. - 83 с.
5. Түркстан жыйнагы. 7-том. - 240-б.
6. Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) [Текст] / Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов. - Бишкек, 2003. - 318-б.
7. Курбонов, А. Д. Из истории шахтеров города Сулюкты (1868-1917 гг.) [Текст] / А. Д. Курбонов, Ш. Ж. Эржигитова // БатМУ жарчысы. - 2009. - №5. -117-121-бб.